**УДК: 101:177.1 (575.2) (04)**
**DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-315-320**

**КОНГАЙТИЕВА С.А., КАРЫБАЕВА Н. Н.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ [1,2]
**КОНГАЙТИЕВА С.А., КАРЫБАЕВА Н. Н.**
КНУ им. Ж. Баласагына [1,2]
**KONGAYTIEVA S.A., KARYBAEVA N.N.**
KNU J. Balasagyn [1,2]
ORCID: 0009-0005-4450-5312[1]

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН «АДАБИЙ ОКУУ» САБАГЫНДА ЭПИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДЫ ОКУТУУ ЖАНА КӨРКӨМ ТЕКСТ МЕНЕН ИШТӨӨНҮН ЖОЛДОРУ

## КАК ПРЕПОДАВАТЬ ЭПИЧЕСКИЕ ПРОИЗВЕДЕНИЯ И РАБОТАТЬ С ХУДОЖЕСТВЕННЫМ ТЕКСТОМ НА УРОКЕ» ЛИТЕРАТУРНОЕ ЧТЕНИЕ " В НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЕ

## HOW TO TEACH EPIC WORKS AND WORK WITH FICTION TEXT IN THE LESSON " LITERARY READING " IN ELEMENTARY SCHOOL

**Аннотация:** Бул макалада негизинен азыркы учурда башталгыч класстарда элдик оозеки чыгармалар менен балдарды көркөм окутуу, андагы идеялар аркылуу эстетикалык сабатын өркғндөтғғ, адеп-ахлакка тарбиялоо тууралуу баяндалат. Башталгыч класстардын «адабий окуу» сабагында эпикалык чыгармаларды окутуу жана көркөм текст менен иштөөнғн жолдору аркылуу балдардын окурмандык чыгармачылыгы, оозеки жана жазуу чыгармачылыгы, сөз байлыгы, ой жнгғңртнғсғ, жеке, жупта, топто иштөөдө багыт алат̇.

**Аннотация:** В данной статье в основном рассматривается о художественном воспитании детей через произведения устного народного творчества, повышении эстетического грамотности и нравственного воспитания содержащиеся в нѐм идеи.
На уроке ―художественного чтения‖ в начальных классах через обучения прозведений и приемам работы художествеными текстами ориентируется детское читательское творчество, устное письменнное творчество, чувственное богатсво мышление, индивидуальная, парная и групповая работа.

**Abstract:** This article mainly discusses the artistic education of children through the works of oral folk art, increasing the aesthetic literacy and moral education contained in it ideas.

In the lesson of ―Artistic reading‖ in the primary grades, through teaching the conduct and methods of working with artistic texts, children s reader creativity is oriented, oral written creativity, sensory richness of thinking, individual, pair and group work.

**Негизги сөздөр:** адабият, көркөм текст, компетенттғғлғк, тарбия, эстетика, адеп-ахлак, усулдук ыкма, эпика

**Ключевые слова:** литература, художественный текст, компетентность, образование нравственность, методический прием, эпика.

**Keywords:** literature, literary text, competence, education, morality, methodological technique, epic

Эгемендңң элибиздин жаркын келечеги болгон жаш урпактарга терең, мазмундуу билим берңң менен эли-жерин сңйгөн патриот азаматтарды тарбиялоо – бңгңнкң кңндңн алдыга коюлган башкы милдеттеринин бири болуп саналат.

Бңгңнкң кңндө адабий окуу предмети же болбосо адабиятты окутуу адабият мугалиминин алдына баарынан мурда эстетикалык сабаттуу, сезимдңң окурманды тарбиялоо керек деген проблеманы биринчи планга койду. Адамдык сезим менен адамкерчилик бала кезден ойгонот, эң эле эрте башталат. Руханий дңйнө бала кезде өтө бат өнңгөт. Ошондуктан маданияттуу окурманды мектептен кантип тарбиялап, аны анан адатка айландыруу бңгңнкң кңндөгң эң зарыл, эң олуттуу маселе экендигине бңт коомчулук көңңл бурду.

Алгач тарбия бала бакчадан, башталгыч мектептен, ошондой эле мектептен башталат эмеспи. Кичинекей тили чыккан бөбөк албетте өз ата-энесине, эже, агасына жомок айтып бериңизчи деп айтат. Алар ңчңн жомок кызыктуу турмуш баяны.

Адабият аркылуу тарбия беребиз. Ошол тарбияны ишке ашырууда эң алгач жомоктор бизге курал боло алат. Жомоктогу, мисалы жөө жомоктордогу айбанаттардын мңнөзңн ачып берңң менен окуучуну башкача айтканда, баланы жакшылыкка, адептңңлңккө, гумандуулукка жана башка адамдарга мңнөздңң болгон жакшы сапаттарга тарбиялоого жетишебиз. Демек, кыргыз элинин эпикалык чыгармаларынын ичинен аңгемелер, жомоктор башталгыч класстарда адабий окуу предмети менен башталат. Башталгыч класстардын жаш өзгөчөлңгңнө байланыштуу адабий окуу предметинде эпикалык чыгармалардын ичинен аңгеме, жомоктор, ыр тңрңндөгң айрым поэмалар окутулат. Мына ошол чыгармалардын сңрөттөлңшңн толук ачып берңң менен окуучуларды турмушта туура жолго багыттоо максатында адамдардагы жакшы сапаттарга ээ кылуубуз мңмкңн.

Эртеңки эл тизгинин кармар азаматтар – бңгңнкң мектеп окуучусу.

Мына ошол келечек жаш муундарыбызды биздин жасаган бардык иштерибиз перзенттерибиздин келечекте ыймандуу, билимдңң, эмгекчил, акылдуу, зирек, ак көңңл, мекенин сңйгөн жаштар кылып тарбиялоо бул мугалимдердин милдети. Мына ушул максатка жетишңңдө билим берңңнңн пайдубалы болгон башталгыч класста адабий окууу сабагы курал боло алат.

Анткени башталгыч билим берңң – бул баланын инсандыгын калыптандыруунун алгачкы баскыч болуп саналат. Башталгыч класста баланын билимге болгон алгачкы көз караштары практикаланат. Ал эми мындай жумуштарды жңргңзңңдө көч башында адабий окуу менен улуттук каада-салт, ңрп-адат, улуттук таалим-тарбия, улуттук билим берңң, кыргыздын элдик оозеки чыгармалары, кыргыздын мыкты-уул кыздарынын өмңр таржымалы, алардын баскан жолу, Ата-Мекен, кыргыз жеринин жаратылышынын коюздугун чагылдырган ыр, кара сөз тңрңндөгң чыгармалардын мааниси менен таанышышат.

Адабият – элдин тарыхы, улуттун жңзң. Элдин тарыхы менен адабияттын байланышы көркөм чыгарманын жаралышы ңчңн тарыхтын жол ачкандыгына гана эмес, тескерисинче, тигил же бул тарыхый процессти, чыныгы болгон фактыларды окуучулар көркөм чыгармалар аркылуу кабыл алышса, бул материалдар кийинчерээк алардын социологиялык, тарыхый, философиялык тңшңнңгң кенениреэк болушуна шарт тңзөт. Өткөндң билңңдө, жаштарды ар тараптан тарбиялоо, алдыңкы көз карашына жана идеяларга ынандырууда көркөм чыгарманын канчалык мааниге ээ экендигин дагы кайталап далилдеп отуруу кажетсиз чыгар.

Таалимди тарбиядан, тарбияны болсо таалимден ажыратып болбойт. Адабият сабагын өтңңдө бул жараянды толугу менен ишке ашырууга мңмкңнчңлңктөр бар. «Адабият – элдин

аң-сезими, анын руханий турмушунун гӊлӊ жана мөмөсӊ» – деп айткан эле В.Г.Белинский. Ал эми М.Горький «Сӊрөткер өз өлкөсӊнӊн, өз табынын сезгичи, анын кулагы, көзӊ, жӊрөгӊ: ал – өз доорунун ӊнӊ» - деген

Азыркы кӊндө тез өнӊгӊп бара жаткан XXI кылым башында туруп бӊтӊн адамзатты ойлондуруп жаткан негизги маселелерден – адамдын адамдыгын сактап калуу, личность табиятынын табигыйлыгын сактоо, адамдын жӊрөгӊндөгӊ эң негизги сапаттарды коргоо, жаңы миң жылдыкта жалпы эле келечекке алакадар көйгөй болуп калды.

Адабий окуу предметинин негизги максаты – кенже мектеп окуучусунун окурмандык компетенттӊӊлӊгӊн калыптандыруу болуп саналат.

Окурмандык компетенттӊӊлӊк материалды туура так, көркөм тӊшӊнӊӊ менен аң сезимдӊӊ окуй алууну, окуганы жана укканын тӊшӊнӊп, ал материалды турмушунда колдоно билӊӊ аркылуу кеп ишмердигин, карым-катыш жасоо мӊмкӊнчӊлӊгӊн өстӊрӊӊнӊ, сабатуу окурман катары тексттерди, чыгармаларды окууга туруктуу кызыгуусун арттыруунy, чыгармага карата баалуулук негизде өз пикирин айтуу жөндөмӊн билдирет.

Ал эми адабий окуу предметинин милдеттери:

Базалык окуу көндӊмӊ катары окуучулардын тексти туура так тиешелӊӊ ылдамдыкта, тӊшӊнӊп окуусу, андагы жаңы сөздөрдӊ, маалыматтарды, тӊшӊнӊктөрдӊ өздөштӊрӊӊсӊ. Мында окуучулардын окуганын тӊшӊнӊӊсӊ өзгөчө мааниге ээ.

Ар кандай текст менен иштөөнӊ камсыз кылуу кеп ишмердигинин тӊрлөрӊнө (угуу, айтуу, окуу жана жазуу) окуучулардын ээ болуусу жана алардын чыгармачылык дараметин арттыруу;

Окуучулардын көркөм жана башка адабияттарды окууга болгон кызыгуусун арттыруу жана окуган чыгармасына карата пикирин, баасын билдирӊӊ менен баалуулук мамилелерин калыптандыруу.

Кыргыз элинин эпикалык чыгармалары окуу китептеринде окуучулардын жаш өзгөчөлӊктөрӊнө карай берилет. Ал эми башталгыч класстарда аңгемелер, жомоктор окутулат. Кенже мектеп жашындагы балдардын табияты тексттин кыска, мазмундуу, тӊшӊнӊктӊӊ болуусун талап кылат. Себеби, алардын жаш өзгөчөлӊктөрӊ ушундай мезгилде текстти окугусу келет. Алар окуган каармандай болууга аракет жасайт. Окуядагы каармандар баланын жӊрӊмтурумуна өзӊнӊн чон таасирин көрсөтө алат. Мындай тексттерди окуу менен окуу көндӊмӊ, окурмандык чыгармачылыгы, оозеки жана жазуу чыгармачылыгы, сөз байлыгы, ой жӊгӊртӊӊсӊ, жеке, жупта, топто иштөөдө багыт алат. Ушундай маанидеги иш-аракетти окуп ӊйрөнӊӊ менен башка предметтерди терең ӊйрөнӊӊгө аракет жасайт. Китеп окуу көндӊмӊ баланын кыргыз тили сабагындагы тексттерди окуп талдоого, көчӊрӊп жазууга, орфографиялык жактан сабаттуу жазууга, математикалык маселелердин тексттин окуу менен алардын шартын тӊзӊп чыгарууга, математикалык эрежелерди тӊшӊнө билӊӊгө, мекен таануу предметиндеги тексттер аркылуу өлкөнӊн жаратылышы менен таанышууга, музыка сабагында ырлардын текстин жаттоого, адабий окуудагы жомокторду сӊрөт искусствосу сабагында пайдаланууга шарт тӊзөт. Демек, китеп окуу көндӊмӊ баланын бардык предметтердин өздөштӊрӊӊсӊнө багыт берет, чыгармачылыгын өнӊктӊрөт.

Адабий окуу китептериндеги тексттерди тандоодо – окуулуктун педагогикалык, психологиялык, адабийлӊӊлӊгӊ, системалуулугу, тематикалуу аспектилерин кароо башкы планга коюлат. Эн алгач тексттин психологиялык аспектисин кароону баштоо ыңгайлуу. Себеби, текстти тандоодо анын маанисин бала тӊшӊнӊӊдөгӊ кабыл алуусун, эстеп калуусун, ойлоосун, көңӊл буруусун, элестетӊӊсӊн канааттандыра турган чыгармаларды издөө, аларды

окуулукка киргизнү талабы коюлат. Тексттин мазмунун окуганда баланын китеп дүйнөсүнө жетелей турган чыгармаларды тандоо – автордун башкы максаты болуп саналат. Экинчиден, педагогикалык аспектиде кароодо окуулуктун баланын окутуу, окутуу, өнүгүү, тарбиялоо функциясын аткарган, тексттин мазмунун окуу менен бала бул үч функцияны өздөштүрө алгандай шарт талап кылынаары талашсыз. Үчүнчүдөн, тексттин адабийлүүлүгү эске алынат. Төртүнчүдөн, системалуулук жана тематикалык аспектини бирдей кароо зарыл экендигин тажрыйба ырастап келет. Бизге белгилүү, адабий окуу китептери тематикалык принцип менен түзүлөт. Окуу китебинин түзүлүшүндө авторлор бул эки аспекттин бирдей функциясын карайт. Тематикалык принципти аткаруу үчүн системалуулук болуусу шарт. Бөлүмдөрдөгү чыгармалардын сунушталышынын системалуулугун көзөмөлдөө манилүү. Жогоруда адабий окуу окуулугун түзүүдө эске алынуучу аспектилер окуулуктарда практикаланышын кароо макалабыздын башкы мазмуну катары каралат.

Учурда 2-4 класстар үчүн «Адабий окуу» китептери эки авторлордун тобу менен түзүлүп окутулууда. Бизге белгилүү болгондой, 90-жылдардан бери «Эне тили» окуу китеби «Адабий окуу» деп аталып, п.и.к А.Д.Токтомамбетовдун авторлугу менен түзүлүп, башталгыч мектепте окулуп келген. Окуу китебинин түзүлүшү түп-тамырынан бери өзгөрүп, инсандык окутууга багытталган. Бул окуулуктар учурда 2012-жылдан бери альтернативдүү түзүлгөн педагогика илиминин доктору С.К. Рысбаев, п.и.к Б.А. Абдухамидова, практик мугалим К.Ибраимова тарабынан сунушталган. Окуулук менен бирге методикалык колдонмосу заманбап инсандык окутууга ылайыкташтырылган.

2-класттар үчүн түзүлгөн окуулук (автору С.К. Рысбаев, Б.А. Абдухамидова, К. Ибраимова, бишкек, 2012) окуу программасында көрсөтүлгөн тематикалар боюнча түзүлгөн. Башталгыч класстын окуу китептери тематикалык принцип боюнча түзүлүшү жагынан айырмаланат. Окуулукка жалпысынан берекелүү алтын күзгө, туулган жерге, менин жан дүйнөм, күлкү – ден соолуктун мүлкү, алтын балалыкка, жыл мезгилдерине, сөз үйрөнүп алалы, ойлонуп көрөлүк, байчечекей гүл ачты, бабалардан калган сөз, тынчтыктын жана эмгектин майрамы, окуу ылдамдыгын текшерүүчү тексттерден турат. Окуулуктун түзүлүшү альтернативдүү окуулуктун мазмунун толуктап турат. Окуулукта мугалим үчүн бир топ жаңылыктар берилгендигин төмөнкү булактары аркылуу классификациялоого болот.

Эпикалык чыгармалардын адам баласы үчүн дүйнө таанытуучу, тарбиялоочу жана адамдын кыялын өнүктүрүүчү ролу зор. Айрыкча аңгеме, жөө жомоктордун дидактикалык (таалим, тарбия берүүчү) мааниси өзгөчө терең. Алексей Максимович Горькийдин: «Дүйнөдө таалим бербей турган эч нерсе жок, ушуга окшогон дидактикалык материалы болбогон жөө жомок дагы жок, жөө жомоктогу таалим берүүчү нерсе, баарыдан мурда, андагы ой жоруу (фантазия), биздин оюбуздагы болгон чындыктан алда канча илгери жакты болжолдой алышы, маселен, адамдардын ой жоруусу илим жүзүндө аэроплан жасап чыгаруудан ондогон кылымдар мурун эле «канаттуу ат», «өзү учкан килем», «жайыл дасторкондорду» чыгарган деген. Акыры адамдын ошол ой жоруусунун негизинде чыныгы аэроплан чыгып отурат. Ушул кездеги учкуч, тез жүрүүчү, айландыргыч, жарык, күч берүүчү машиналардын көбү байыркы бир кездерде жөө жомоктордо айтылуучу адамдын кыялдануусунан, ой жорушунан чыккан фантазия болуучу

Адабий окуу китептериндеги тексттерди тандоодо – окуулуктун педагогикалык, психологиялык, адабийлүүлүгү, системалуулугу, тематикалуу аспектилерин кароо башкы планга коюлат. Эн алгач тексттин психологиялык аспектисин кароону баштоо ыңгайлуу. Себеби, текстти тандоодо анын маанисин бала түшүнүүсүндөгү кабыл алуусун, эстеп калуусун,

ойлоосун, көңүл буруусун, элестетүүсүн канааттандыра турган чыгармаларды издөө, аларды окуулукка киргизүү талабы коюлат. Тексттин мазмунун окуганда баланын китеп дүйнөсүнө жетелей турган чыгармаларды тандоо – автордун башкы максаты болуп саналат. Экинчиден, педагогикалык аспектиде кароодо окуулуктун баланын окутуу, окутуу, өнүгүү, тарбиялоо функциясын аткарган, тексттин мазмунун окуу менен бала бул үч функцияны өздөштүрө алгандай шарт талап кылынаары талашсыз. Үчүнчүдөн, тексттин адабийлүүлүгү эске алынат. Төртүнчүдөн, системалуулук жана тематикалык аспектини бирдей кароо зарыл экендигин тажрыйба ырастап келет. Бизге белгилүү, адабий окуу китептери тематикалык принцип менен түзүлөт. Окуу китебинин түзүлүшүн дө авторлор бул эки аспекттин бирдей функциясын карайт. Тематикалык принципти аткаруу үчүн системалуулук болуусу шарт. Бөлүмдөрдөгү чыгармалардын сунушталышынын системалуулугун көзөмөлдөө маанилүү. Жогоруда адабий окуу окуулугун түзүүдө эске алынуучу аспектилер окуулуктарда практикаланышын кароо макалабыздын башкы мазмуну катары каралат.

Демек, адабий окуу сабагы жомоктор, ангемелер менен башталат. Ошол жомоктордогу зоонимдердин сүрөттөлүшүн толук ачып берүү менен окуучуларды турмушта туура жолго багыттоо максатында адамдардагы жакшы сапаттарга ээ кылуубуз мүмкүн. Мына ошол адабият сабагында жомокторду окутуу методикасын иштеп чыгуу методистердин милдети болуп саналат. Биз да ушул тема боюнча кичинекей илимий иш катары теманы ачып берүүгө аракет жасадык. Жомокторду окутууда инновациялык технологияларды пайдаланып, тарбиялык маанисин ачып берүү менен окутуунун жол жоболорун көрсөтүү теманын актуалдуулугу болуп саналат.

Мектепте жомокторду окутууда анын сюжетин гана түшүндүрүп койбостон тарбиялык максатын да ачып берүү болуп саналат. Ошол максатты ишке ашырууда заманбап сабак иштелмелерди жаратуу, көңүл бурулуучу жагдайларды көрсөтүү, пикир жана сунуштарды киргизүүнүн милдетибиз деп билебиз.

Окуучу адабиятка жакын болсо, анда ал адабият аркылуу рухий азык алат, жан дүйнөсү бай болот, ой жүгүртүүсү кеңеет, сөз байлыгы, дүйнө таанымы, эстетикалык табити өсөт, адеп-ахлак тарбиясына ээ болот, турмуштун түрдүү сабактарын алат, аларды өз турмушунда практика жүзүндө колдонуу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болот.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

Абакиров, К. Кыргыз эпостору: жанр жана классификация маселесинин иликтениши. 2-макала. // китепте: Азыркы адабият таануу жана фольклористика маселелери. Илимий жыйнак. Чыг.1. [Текст] / К.Абакиров. – Б.: Университет, 2013. – 89-103-бб.

Абдухамидова Б., Рысбаев С., Ибраимова К., 2-класста адабий окуу предметин окутууга карата методикалык колдонмо, -Б., 2013.

Абдыкеримов, М. Адабият хрестоматиясы: Башталгыч мектептер үчүн, II бөлүк. 4-окуу жылына арналган [Текст] / М.Абдыкеримов. – Ф.: Кыргызмамбас, 1933. – 102 б.

Бектенов З., Байжиев Т. Кыргыз адабияты. 2 басма. - Б.: 1993. - 81-82-бб.

Муратов, А. Жаңы муундагы окуу китептери жана «Манас» [Текст] / А.Муратов // Шоокум, 2011, №6. – 6-8-б.

Муратов, А. Кыргыз адабияты: маалыматтама [Текст] / А.Муратов, Ж.Шериев, К.Исаков. – Б.: Айат, 2014. – 384 б.

Муратов, А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы [Текст] / А.Муратов. – Б.: «Турар», 2013. – 554 б.

Артыкбаев К. «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы». - Фрунзе: «Мектеп», 1982.